
# Мүчөл жылдар



Автор: Абдыкерим Муратов

Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

# Мүчөл жылдар

Автор: Абдыкерим Муратов
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Мүчөл жылдар. Биздин үй- бүлөдөгү арифметика" (аңгемелер түрмөгү), (кыргыз тилинде), автор Абдыкерим Муратов, сүрөтчү Светлана Насынбатова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Эртең менен апасы жумушка шашып жөнөп жатты.

– Апа, мүчөл жыл деген эмне? – Арууке апасына суроолуу тигилди.

– Мүчөл жыл адамдын туулган жылы менен байланышат.

– Аа, день рождениеби? – деди Зейнеп.

– Жок, башка. Кечинде силер мектептен келип, баарыбыз чогулганда, айтып, түшүндүрүп беребиз.

– Жакшы окуп келгиле, кыздарым! – деди узатып жатып. – Баса, быйыл Зейнептин мүчөл жылын чыгарабыз! – деди атасы эстей калып.

Кыздар эч нерсе түшүнүшкөн жок. Зейнеп досторунан мүчөл жылы тууралуу сурап жатты. Бирөөсү да айта албай койду.

Зейнеп ата-энесинин жумуштан тезирээк келишин күттү. Зейнептин оюнан мүчөл жыл кетпей койду. Мүчөл жылын кантип чыгарат? Кайда чыгарат? Эмнеге чыгарат? Окуу китептерин карап мүчөл жыл тууралуу маалымат таппай койду.





Аңгыча атасы, апасы да келип калды. Адаттагыдай эле кыздардын окууларын сурашты.

Ошондон кийин баары чогуу отуруп мүчөл жылы тууралуу кеп башташты.

– Мүчөл жыл тууралуу айтам дебедиңиз беле? – Зейнеп чыдабай кетти.

– Мүчөл жыл, же мүчөл, мүчөл чыгаруу – кыргыздардын байыркы учурдан бери колдонуп келе жаткан салты. Ата-бабалар бир жылды төрт мезгилге бөлгөн. Арууке, жыл мезгилдери кайсылар?

– Жаз, жай, күз, кыш!

– Мына ошол төрт мезгил жылып отуруп, бир жылды түзөт. Жылдар мындайча аталат: Чычкан, Уй, Барс же Жолборс, Коён, Балык же Улуу, Жылан, Жылкы, Кой, Мечин же Маймыл, Тоок, Ит, Доңуз же Кара кийик.

– Ай, ий, он эки болду! – деди Зейнеп.

Кыздар атасы менен кошо он эки жылды кайра санап чыгышты.

– 2022-жыл – Барс жылы,  Зейнеп он үчкө чыкты, жылы – Барс, же Жолборс. Бир мүчөлү.

– Мен түшүнгөн жокмун. Ал эмне? – Зейнеп таң кала сурады.

– Төрөлгөндөгү бир жылды кошпой, бирге чыкканынан баштап он эки жылдан кошуп отурат. Ошондо быйылкы жыл Зейнептин биринчи мүчөл жылы.

– А менинчи? – Арууке атасына карады.

– Сенин жылың – Балык. Бир мүчөл боло элек!

– Калыстын жылычы? – деди Зейнеп инисине кол жаңсап.

– Калыстын жылы – Маймыл!

Бул сөздү угуп кыздар каткырып жиберишти.

Калыс да маймылга окшоп ырсайып койду.





– Апамдын  жылы эмне? – Арууке апасын тиктеди.

– Менин жылым – Коён! – деди апасы.

– Коён, коён, коркок! – деп жиберди Калыс апасына карап.

– Менин жылым болсо – Чычкан, – деди атасы таңыркап аткан балдарын андан бетер кызыктырып.

– Чычкан!

– Чычкан!

Балдар күлүп жиберишти.

– Силер чычкан десем, күлүп жатасыңар. Чычкан – жыл башы. Анын кантип жыл башы болуп калганын айтып берейин, – деди атасы жылмайып.

– Жыл башы болуу үчүн жаныбарлар жарышка түшөт. Биринчи чыкканына карап жылдардын иретин белгилейбиз дешет калыстык кылган карыялар. Жарыш башталат. Эң акырында төө келет. Ошол убакта «Кана, чыгып келе жаткан Күндү ким биринчи көрдү?» деп сурашса, «Мен, мен!» деген үн чыгат. Бул кайсы жаныбар деп карап калышса, «Мен – Чычканмын, Төөнүн башындамын» деген үн угулат. Көрсө, ал дарыядан өтөрдө Төөнүн башына чыгып алыптыр. Ошентип Чычкан жыл башы аталып калат. Калгандарга жыл аттары катары менен берилип, Төөгө жыл жетпейт. Атасы ушуларды айтып токтоп калганда, Арууке:

– Менчи? Менин Балыгым биринчи келген эмеспи? – деди.


– Балык бешинчи келиптир.

– Уй шашпай келгендир ээ, ата? – Калыс уйдун жай басканын элестетип сурап койду.

– Уй экинчи келет, – деди апасы.

– Жолборс үчүнчү келиптир да.

– Азамат экен, менин Жолборсум! – деди Зейнеп.





– Зейнеп, быйыл сенин бир мүчөлүң болсо, кийинки мүчөлүң качан болот?

– 2035-жылы!

– Туура эмес, эми он эки жылдан кошушуң керек.

– Аа, анда 2034.

– Туура, бул экинчи мүчөлүң.

– Үчүнчү мүчөлүңчү?

– 2046-жылы.

– Туура. Ушинтип кошуп кете берсеңер болот!

– Маймыл жылы эми качан келет? – деп сурады Зейнеп.

– 2028-жылы, – деп Арууке эсептей койду.


– Апамдын канча мүчөл жылы өтүптүр, эсептеп көрөлү?

Кыздар бир аз ойлоно түштү да, экөө жарыша:

– Эки мүчөлү! – дешти.

– Кийинки жылы мүчөл жылыңыз турбайбы, апа. Коён жылы келет экен да! – деди Арууке кубана.

Ооба, мүчөл жылдар кайталанып келип турат. Биринчиси 13 жаш, андан ары 25 жашка кадам таштаганда – эки мүчөлү, 37 жашы – үч мүчөлү, 49 жашы – төрт мүчөлү, 61 жашы – беш мүчөлү, 73 жашы – алты мүчөлү, 85 жашы – жети мүчөлү, 97 жашы – сегиз мүчөлү. Бирок мүчөлгө кирүү жана чыгуу азыркы жыл санактай 1-январдан эсептелбеши керек. Кыргыздардын мүчөл жылы Чыгыш календарына туура келет, ага ылайык февралдын башында жаңы жыл кирет.





Кийинки күнү атасы, апасы болуп баары мүчөл жылдарды мындайча аныктап чыгышты:

Чычкан: 1924, 1936, 1948, 1960, 1972, 1984, 1996, 2008, 2020

Уй: 1925, 1937, 1949, 1961, 1973, 1985, 1997, 2009, 2021

Барс же Жолборс: 1926, 1938, 1950, 1962, 1974, 1986, 1998, 2010, 2022

Коён: 1927, 1939, 1951, 1963, 1975, 1987, 1999, 2011, 2023

Балык же Улуу: 1928, 1940, 1952, 1964, 1976, 1988, 2000, 2012, 2024

Жылан: 1929, 1941, 1953, 1965, 1977, 1989, 2001, 2013

Жылкы: 1930, 1942, 1954, 1966, 1978, 1990, 2002, 2014

Кой: 1931, 1943, 1955, 1967, 1979, 1991, 2003, 2015

Мечин же Маймыл: 1932, 1944, 1956, 1968, 1980, 1992, 2004, 2016

Тоок: 1933, 1945, 1957, 1969, 1981, 1993, 2005, 2017

Ит: 1934, 1946, 1958, 1970, 1982, 1994, 2006, 2018

Доңуз, же Кара кийик: 1935, 1947, 1959, 1971, 1983, 1995, 2007, 2019

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Абдыкерим Муратов
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- **4.1 деңгээли**
- 4.2 деңгээли